***DOI:10.26104/NNTIK.2023.99.16.061***

*Абдибалиев Э.А.*

## ОКУТУУ ӨЗБЕК ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫН ОКУТУУНУН АЙРЫМ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ

*Абдибалиев Э.А.*

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В ШКОЛАХ С УЗБЕКСКИМ ЯЗЫКОМ ОБУЧЕНИЯ

*E. Abdibaliev*

## SOME PROBLEMS OF TEACHING THE KYRGYZ LITERATURE AT SCHOOLS TAUGHT IN THE UZBEK LANGUAGE

*УДК: 372:378:882 (575.2) (043.3)*

*Бул макалада окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты сабагын окутуунун айрым бир маселелери каралып, андагы актуалдуу деп эсептелген көйгөйлөр иликтөөгө алынат. Анткени кыргыз адабиятын окутуу өзбек мектептерге киргизилгенине 20 жылдай убакыт болгонуна карабастан бул жаатта алгылыктуу иштерди жүргүзүү дагы да болсо кечиктирилүүдө. Улуттук мектептерде кыргыз адабиятын окутуу бир нече этаптарды басып өткөнүнө карабастан, кыргыз адабиятын окутуунун айрым көйгөйлөрү өз деңгээлинде чечилбей келет. Андыктан аталган маселелерди чечүүдө кандай кадамдарды жасоо керек, эмне иштерди аткаруу керек, башка улуттун өкүлдөрүн кыргыз адабиятына кантип кызыктыруу үчүн кандай усулдарды колдонуу зарыл деген маселелердин тегерегинде ой калчап, изилдөө жүргүзүлдү.*

***Негизги сөздөр**: улуттук мектептер, методика, адабият, педагогика, тил байлыгы, көркөм чыгарма, окуу программалары, мамлекеттик стандарт, эстетикалык-көркөмдүк чен-өлчөм, таалим-тарбия.*

*В данной статье исследуются актуальные проблемы и рассматриваются некоторые вопросы преподавания кыргызской литературы в школах, где обучение ведётся на узбекском языке. В этой связи определённая работа в этой области все ещё затягивается и некоторые проблемы преподавания кыргызской литературы не решаются на должном уровне несмотря на то, что обучение кыргызской литературе было введено в узбекские школы около 20 лет назад, и то, что преподавание кыргызской литературы в национальных школах проходит в несколько этапов. Поэтому было проведено исследование по таким вопросам, как какие шаги нужно предпринять в решении этих вопросов, что нужно сделать, какие методы нужно использовать, чтобы заинтересовать кыргызской литературой представителей других национальностей.*

***Ключевые слова:** национальные школы, методология, литература, педагогика, языковое богатство, художественное произведение, учебные программы, государственный стандарт, эстетико-художественное своеобразие, воспитание.*

*This article explores current problems and discusses some issues of teaching Kyrgyz literature in schools where teaching instruction is conducted in the Uzbek language. In this regard, certain work in this area is still being delayed and some problems of teaching Kyrgyz literature are not being solved at the proper level, despite the fact that the teaching of Kyrgyz literature was introduced into Uzbek schools about 20 years ago, and the fact that the teaching of Kyrgyz literature in national schools takes place in several stages. Therefore, a study was conducted on such issues as what steps need to be taken in resolving these issues, what needs to be done, what methods should be used to interest representatives of other nationalities in Kyrgyz literature.*

***Key words:** national schools, methods, literature, pedagogy, language wealth, literary works, syllabus, state standard, aesthetic and literary quantity, education.*

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өз алдынча илим катары калыптанып, өнүгүп келе жаткан чоң тармактардын бири. Бирок бул анын мааниманызы, мазмуну, милдеттери тууралуу талаштуу пикирлер, чечилбеген маселелер али да аз эмес. Ошондуктан темабыздагы маселеге киришүүдөн мурда, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы деген кандай илим, изилдөө предмети эмне деген сыяктуу айрым бир жагдайларга токтоло кетүүнү туура көрдүк.

«Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы – педагогикалык илим, анын изилдөө предмети болуп мугалим менен окуучунун адабий теманы өздөштүрүү учурундагы өз ара биргелешип аракеттенүүлөрүн үйрөнүү, адабиятты - анда камтылган көркөм туундуларды окуучуларга тарбиялык максатта окутуп-үйрөтүү процесси эсептелинет» [4, 8-б.].

Окумуштуу А. Муратов: «Көркөм адабияты коомдун өзүн-өзү таанып билүүсүндө, өткөндөрдү эске түшүрүүсүндө, жаштардын аң-сезимин гумандаштырууда, эне тилдин байлыктарын өздөштүрүүсүндө эбегейсиз чоң кызмат аткарат. Ааламдашуу процесси аябай тездик менен жүрүп жаткан учурда, адамзат өзү баскан жолун кайра-кайра аңдап үйрөнүүгө барбаса, туюкка кептелери дайын болуп турган, маданияттардын диалогунун зарылдыгы күн өткөн сайын актуалдашып жаткан азыркы шартта мектепте окутулуучу адабият предметине өзгөчө милдет жүктөлгөн.

Адабият предмети – бул көркөм текстти аңдап түшүнүү жана ошол түшүнгөндөрүн турмушунда пайдаланууга үйрөтүү предмети» [3, 3-б.] экендигин баса белгилеген.

А. Каххар «Адабият – атомдон күчтүү, бирок анын күчүн отун жарууга сарптоого болбойт» - деп

айткан. Мына ошол атомдон күчтүү адабият өзүнчө сабак болуп, өзбек мектептеринде кыргыз адабиятынан атайын саат бөлүнүп окутула баштаганына 20 жылга чукул убакыт болду. Ошондон бери эмнени, эмне үчүн, кантип, кандайча окутуу керек деген маселелер дале болсо актуалдуу боюнча калууда. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун теориялык маселелери боюнча түздөн-түз эмгектер жокко эсе, бул маселеге азыноолак К.Акматов, К.Кимсанов, Т.Колдошев, С.Мамуналиев А. Муратов, А. Мурзакметов кайрылып келишкен. Ал эми аталган тема боюнча Б. Байтикова системалуу изилдөө жүргүзүп, 2017-жылы «Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери» деген аталыштагы кандидаттык диссертациясын коргогон. Ошентип, бүгүнкү күндө мамлекеттик тилдин мектептерде, анын ичинде улуттук мектептерде окутуу жагы бир нече этаптарды басып өткөнүнө карабастан, кыргыз адабиятын окутуунун айрым көйгөйлөрү өз деңгээлинде чечилбей келет. Бул маселедеги негизги тоскоолдуктар жана карама-каршылыктар: өзбек окуучуларынын кыргыз адабиятын окууга кызыкчылыгы артып жатса да, учурда өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуу боюнча атайын даярдалган адистердин аздыгы; мектептердин кыргыз адабияты боюнча окуу китептери менен толук кандуу камсыз болбогондугу; мугалимдер үчүн эң зарыл болгон кыргыз адабиятын окутуу боюнча окуу-усулдук колдонмолордун жеткиликтүү эместиги; өзбек мектептерине кыргыз адабияты боюнча окутуу практикасына бир нече жаңычыл тажрыйбалардын киргендиги, бирок алардын илимий жактан жыйынтыкталбай жаткандыгы сыяктуу жогорудагы проблемалар дагы да болсо көптөгөн изилдөөнү талап кылат. Мына ушул суроолорду чечкенде гана окутуунун максатын туура аныктайбыз. Окутууда максат негизги орунда турат. Анын алгачкы болгон себеби, ишмердүүлүк дайыма максатты аныктоодон башталат. Демек, окутуунун максатын аныктоо – ийгиликтин ачкычын табуу менен барабар. Методикалык ыкмалар ошол максатка жетүүнүн гана каражаттары болмокчу. Жазуучу ой калчап, турмуштан, тарыхтан, өз башынан кечкен окуялардан кынаптап, айрым каармандарды, эпизоддорду ичинен токуп, кошумчалап, көркөм чыгарма жаратат, эгер ошол чыгармасы мектеп окуучуларына жарактуу деп табылса жана улут адабиятындагы этаптуу чыгармалардын бири катары кабыл алынса анда окуу программасына сунуш кылынат. Программаны түзүүчүлөр сунуш кылынган чыгармаларды бир нече критерий менен тандап алат. Азыркы колдонулуп жүргөн программада төмөнкүдөй критерийлер (чен-өлчөмдөр) жетекчиликке алынган:

«- *адеп-ахлактык чен-өлчөм:* чыгарманын бийик моралды-этикалык асыл нарктарга, гуманисттик идеяларга тарбиялоочу мүмкүнчүлүгү, тарбиялык-таанытуучулук потенциалы;

- *эстетикалык-көркөмдүк чен-өлчөм*: чыгарманын көркөм формасынын кооздугу жана анын окурмандар арасындагы рейтингинин жогорулугу;

- *лингвистикалык чен-өлчөм:* адабий тилдин нормасында болуп, жалпы калк үчүн түшүнүктүүлүгү;

- *писхологиялык-педагогикалык чен-өлчөм:* чыгарманын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө, таанып-билүүчүлүк кызыкчылыгына, муктаждыгына ылайык келиши;

- *жанрдык-тематикалык чен-өлчөм;* чыгармалардын жанрдык жана тематикалык ар түрдүүлүгү» [2].

Демек, өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутууга сунуш кылынган чыгармалар да мына ушундай критерийлерге салынып «электен» өткөн. Ошол тандалып алынган чыгармаларды таасирдүү кылып жеткирүү - адабият мугалиминин биринчи кезектеги милдети. Аны үчүн мугалимге эң алды жардам көрсөтүүчү инстурментарий бул – көркөм адабият. Ал эми көркөм адабияттын жаны – көркөм текст. Көркөм текстти окуучуларга жеткирүү ишмердүүлүгүн ишке ашыруучу предмет – адабият сабагы. Бул сабак тууралуу орус акыны А.Твардовский «ал сабак көңүл ачуу же башка сабактардын арасында дем алуу сабагы эмес» экенин айтып, адабият сабагы «шыктандыруунун, эмоцианалдык көтөрүлүүнүн, андан өтүп ыймандык тазалануунун» сабагы болоруна басым жасайт.

Улуттук мектептерде, анын ичинен өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуунун максаты - кыргыз адабий казынасын кыргыз тилинде тааныштыруу аркылуу кыргыз адабияты тууралуу жалпы түшүнүктөрүн калыптандыруу, кыргыз тилинен алган билимдерин, оозеки жана жазма речин өстүрүүгө көмөктөшүү, адабий чыгармалар боюнча түпкү элдин жалпы улуттук, этнографиялык, этнопедагогикалык өзгөчөлүктөрүн, менталитетин, психологиясын таанып билүү, адабияттын адептик, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк таасирин окуучулардын аң-сезимине сиңдирүү болуп саналат.

5-6-класстарда өзбек адабияты сабагында окуучулар айрым чыгармаларды окуп үйрөнүшөт. Бул класстарда окуучулардын китеп окуу кызыгуусу артат. Текстти көркөм окуу ыкмасы өркүндөө менен үйрөнүп жаткан чыгарманын идеялык көркөмдүк бөтөнчөлүгүн терең кабыл алып, толук түшүнүү максатында текстке талдоо жүргүзүүнүн алгачкы ыкмалары калыптандырылат. Мына ушул учурда кыргыз адабияты сабагынын мугалими «Канча тил билсем ошончо кишимин» деген накыл кептин маанисин бөтөн тилдүү балдардын жүрөгүнө сиңдирүү керек.

Албетте, өзбек тилдүү окуучулардын акыл-эси-

не жогоруда айтылган максаттарды туюндуруу бир кыйла татаалга турат. Мында адабиятчы мугалим мойнундагы өтө чоң жоопкерчиликтен арылуу үчүн сөзсүз түрдө сөздүн сыйкырына, сөздүн күчүнө таянып, балдардын өздөрүнүн адабиятына салыштыруу менен бирге материалды жөнөкөй, таасирдүү кылып жеткирүүгө тийиш. Аны менен бирге жеткинчектерди кыргыз тилинде сүйлөп көнүүгө, окуп түшүнүүгө, жазууга, которууга тынымсыз машыктырып туруу керек. Окуучуларга турмуштук болбосо да жасалма зарылдыкты түзүп, баланы сүйлөтүүгө көбүрөөк тартса пайдалуу натыйжага жетишүүсү мүмкүн.

Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятынан билим берүү милдеттери төмөнкүлөр менен байланышат:

- кыргыз адабиятын окутуу менен мектеп чөйрөсүндө мамлекеттик тилдин кеңири колдонулушун камсыз кылууга жетишүү;
- окуучуларды кыргыз фольклору, эл акындарынын чыгармалары жана профессионалдык жазма адабияттын мыкты үлгүлөрү менен тааныштыруу;
- жаштарды жашап жаткан мамлекетинин негизги улуттук маданиятын, тарыхын сыйлоого үйрөтүү, өлкөнүн улуттар аралык тили катары мамлекеттик тилди сезе билүүгө жетишүү;
- адабиятты окуу аркылуу эл таануу;
- адабиятты окуу аркылуу тил таануу;
- мамлекеттик тилдин кадыр-баркын көтөрүү;
- кыргыз адабиятынын чыгармаларын кыргыз тилинде окуу, түшүнүү, түшүнгөнү айтып берүү деңгээлине жетишүү;
- мамлекеттик тилде өз оюн жаза билүүгө үйрөнүү;
- улут адабияты аркылуу улутту урматтоого көтөрүлүп чыгуу [1, 214-б.].

Кыргыз адабиятын өзбек мектептерде окутуудагы дагы бир негизги милдет, окуучуларга адабий чыгармалар аркылуу адептик билим, таалим-тарбия берүү болуп саналат. Анткени ар бир чыгарманы тандап алууда программаны түзүүчүлөр анын идеясына, мазмунуна терең үңүлүшүп, заманга, жаш куракка шайкеш келгендерине үңүлүшүп, окутууга сунушташкан.

Тилекке каршы биз окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери жана окуучулар менен ушул программа боюнча ой бөлүшүп сурамжылоо жүргүзгөндө программада сунушталган чыгармалар алар үчүн өтө кызыктуу эмес экендигин байкай алдык. Мунун себебин сураганыбызда, ыр түрүндөгү чыгармалар көбүрөөк берилип калгандыгы, аны түшүнүү бөтөн улут үчүн бир аз оорчулук жаратары менен түшүндүрүштү. Демек окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердеги кыргыз адабияты боюнча сунушталган программаны кайрадан карап чыгуу, өзгөртүү киргизүү маселеси актуалдуу экендигин баса белгилегибиз келет.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. – Б., 2006, 214 - б.
2. Кыргыз адабиятынын программасы. Түзүүчүлөр С.Байгазиев, А.Муратов. – Б.: 2006.
3. Муратов А. Көркөм чыгарма жана анын ички сырлары. - Б., 2009. - 3-б.
4. Оторбаев Б. К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Б.: Айат, 2020. - 8-б.